Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

№ 7.1 ТОКТОМУ

2.04.2025-ж.

1. Ар түрдүү маселелер.

1.1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кадрлар бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнүн акыркы 3 жылдагы отчету жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кадрдык саясатынын концепциясы жөнүндө.

*(Жооптуу кадрлар башкармалыгынын башчысы Жайнакова Айгүл Аманбековна).*

Ж. Баласагын атындагы КУУнун кадрлар башкармалыгынын башчысы А.А.Жайнакованын маалымдоосун угуп жана талкуулап КУУнун Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кадрлар бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнүн акыркы 3 жылдагы отчету канаатандырарлык деп эсептелсин.
2. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кадрдык саясатынын концепциясы кабыл алынсын.
3. Окумуштуулар кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдөө КУУнун биринчи проректору – окуу иштери боюнча проректор А.Б.Шамшиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

02.04.2025ж.

№ 7.2. ТОКТОМУ

1.Ар түрдүү маселелер.

1.2. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги окуу башкармалыгынын окуу процессинин координациялоо бөлүмүндө билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди даярдоонун, акысын төлөөнүн, сактоонун, электрондук форматтагы дипломдорду берүүнүн жана эсепке алуунун акыркы 3 жылдагы аткарылган иштери жөнүндө.

*(Жооптуу окуу башкармалыгынын окуу процессин координациялоо бөлүмүнүн башкы адиси Алмерекова Тамара Токторбековна).*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун жооптуу башкы бөлүмүнүн окуу процессин координациялоо бөлүмүнүн башкы адиси Алмерекова Тамара Токторбековна маалымдоосун угуп жана талкуулап КУУнун Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Окуу башкармачылыгынын окуу процессин координациялоо бөлүмүнүн билим берүү жөнүндөгү жана документтерди даярдоо студенттерге, магистранттарга мамлекеттик аттестациялоо уюштуруунун акыркы 3-жылдагы аткарылган иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Окуу башкармалыгынын окуу процессинин координациялоо бөлүмүнөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди даярдоо, эсепке алуу, берүү, сактоо жана студенттердин, магистранттардын мамлекеттик аттестациялоосун уюштуруу функциялары алынып салынсын. 2025-жылдын 1-майынан жогоруда көрсөтүлгөн функциялары менен ректораттын алдында "Дипломдорду даярдоо жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны уюштуруу" бөлүмү ачылсын.

3. Дипломдорду даярдоо жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны уюштуруу бөлүмү:

3.1.2004-2025-окуу жылынын бүтүрүүчүлөрүнүн тираж баракчасынын электрондук базасын түзүү боюнча иш чараларды жүргүзсүн

3.2.Академиялык маалым каттарды AVN маалымат системасы аркылуу даярдоо боюнча иш чараларды жүргүзсүн;

3.3.Университеттин типографиясынан кайра даярдоо кошумча билим берүү Педагогика багыты боюнча 9 айлык билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди (диплом) даярдай баштасын.

3.4.КУУнун бардык түзүмдөрүнүн билим алгандыгы тууралуу берүлүүчү күбөлүктөрүнө (сертификат) каттоо номерин коюу тапшырылсын.

3.5.КУУнун 2024-2025-окуу жылынын бүтүрүүчүлөрүнүн электрондук дипломдорду Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 25-беренесинин 4, 5-пункттарына ылайык чыгарылсын.

4. Пландоо-финансы жана кадрлар бөлүмү окуу башкармалыгынын окуу процессин координациялоо бөлүмүнүн штаттык ырааттамасын карап чыгып, тиешелүү өзгөртүүлөрдү даярдасын жана белгиленген тартипке бекитүүгө киргизсин.

5. Окумуштуулар Кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдөө КУУнун биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректору А.Б.Шамшиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

2.04.2025-ж.

№ 7.4. ТОКТОМУ

1.4. Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, профессор, филология илимдеринин кандидаты Джапанов Аттокур Асаналиевич мырзага Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардактуу профессору наамын ыйгаруу жөнүндө.

*(Жооптуу Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Ишекеев Назаркул Ишекеевич).*

Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, профессор, филология илимдеринин кандидаты Джапанов Аттокур Асаналиевич мырзага Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардактуу профессору наамын ыйгаруу жөнүндө КУУнун Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Ишекеев Назаркул Ишекеевичтин маалыматын угуп,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим системасына кошкон зор салымы үчүн жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин өнүгүшүнө көмөк көрсөткөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, профессор, филология илимдеринин кандидаты **Джапанов Аттокур Асаналиевич** мырзага Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардактуу профессору наамы ыйгарылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

2.04.2025-ж.

№ 7.5. ТОКТОМУ

1. Ар түрдүү маселелер.

1.5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифин берүү жөнүндө.
1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин экономика илимдеринин доктору, профессор Искаков Издевалды Искаковичтин жана экономиканын жогорку мектебинин "Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит" кафедрасынын доценти Оксана Узаковна Имагазиева менен биргеликте даярдалган "Кыргыз Республикасындагы финансылык көзөмөл жана аудит" аттуу окуу китебине Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифин берүү жөнүндө.

Каралып атакан окуу китебин карап чыгып, окуу-методикалык бирикменин корутундусун жана Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин өтүнүчүн окуп, бардык керектүү сын-пикирлери менен таанышып,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифин алууга Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин экономика илимдеринин доктору, профессор Искаков Издевалды Искаковичтин жана экономиканын жогорку мектебинин "Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит" кафедрасынын доценти Оксана Узаковна Имагазиева менен биргеликте даярдалган "Кыргыз Республикасындагы финансылык көзөмөл жана аудит" аттуу окуу китеби сунушталсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова